| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>ӨЗГӨН РАЙОНУ<br>АЛТЫН-БУЛАК АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>УЗГЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЛТЫН-БУЛАКСКИЙ<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Алтын-Булак айылдык кеңешинин 5-чакылышынын кезектеги XV сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**№ 84**

**19.01.2024-жыл** **Кандава айылы**

**Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетин бекитүү боюнча 2025-2026-жылдардагы бюджеттеринин болжолун карoo жөнүндө**

Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы бюджетинин аткарылышы 2024-жылга айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү 2025-2026-жылдарга проектисин карoo жөнүндө маселе айылдык кеңешинин бюджет, финаңсы, салык жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясында алдан ала каралып, алардын сунуштарынын негизинде Алтын-Булак айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ;

1. 2023-жылы Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн бюджетинин такталган бөлүгү 16147,5 мин сомго жана чыгаша бөлүгү 15897,8 мин сомго аткарылгандыгы белгиленсин.
2. 2024-жылга айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер жана чыгашалар 14596,5 мин сом өлчөмүндө бекитүүгө макулдук берилсин.
3. Айыл өкмөтүнүн 2025-2026-жылдарга жактырылган болжолдуу көрсөткүчтөрү №3 тиркемеге ылайык бекитилсин жана ар бир так мезгилде аларды кабыл алууда такталууга жатаары белгиленсин.
4. Кыргыз Республикасынын бюджеттик укуктарынын негизги принциптери жөнүндө Мыйзамынын 21-беренесине ылайык айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 145,9 мин сом өлчөмүндө бекитүүгө макулдук берилсин.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына 2024- жылга жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер (эмгек акы, социалдык фондго чегерүү тамак аш, дары-дармек жана милдеттүү медициналык камсыздандырууга чегерүүлөр.)коммуналдык кызматар ( көмүр, отун,суу) боюнча жүзөгө ашыруу сунушталсын.
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары теңдөөчү гранттарды биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды каржылоого багытталсын.

Сканировано с CamScanner

7. Республикалык бюджеттен теңдөөчү гранттардын эсебинен коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды тлук каржылоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу орогандары жоопкерчилигин алышат.
8. Бюджеттик мекемелер, чарба жүргүзүүчү субъекттер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан максаттуу багытталышы боюнча пайдаланылбаган Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетинин каражаттары тиешелүү бюджеттерге өндүрүп алынсын.
9. Казына системасын четтеп өтүү менен атайын каражаттарды пайдаланууга тыюу салынсын. Көрсөтүлгөн тартип бузулганда атайын каражаттын 100 пайызы Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетинин кирешесине алынат.
10. Айланма кассалык калдык (оборотный кассовая наличность)айыл өкмөтүнүн бюджети боюнча жүргүзүлгөн накталай акча каражаты 2025-жылдын 1-январына карата 50,0 мин сом өлчөмүнө белгиленсин.
11. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин "бюджет, финансы, салык маселелери боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрайым:** **З.Разакова**

Сканировано с CamScanner